Кыргт
2023-43

К

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**

**Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.07.23.674. ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 93/99+392.1**

**УМАРАЛИЕВ ЭЛДЕРБЕК СТАНБЕКОВИЧ**

# КЫРГЫЗДАРДАГЫ УМАЙ ЭНЕНИН КУЛЬТУ: ТАРЫХЫЙ-САЛЫШТЫРМАЛУУ ИЛИКТӨӨЛӨР

**07.00.07 – этнография, этнология жана антропология**

**тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**БИШКЕК – 2023**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Чыгыш таануу жана тарых факультетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** **Каратаев Олжобай Кубатбекович**
тарых илимдеринин доктору,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин профессору

**Расмий оппоненттер:** **Турдалиева Чолпон Джапарбековна**
тарых илимдеринин доктору,
Борбордук Азиядагы Америка Университетинин доценти,
**Исаева Анара Асылбековна**
тарых илимдеринин кандидаты,
Бишкек мамлекеттик университетинин доценти

**Жетектөөчү мекеме:** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин тарых кафедрасы (720906, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад ш., Ленин көч. 57)

Диссертация 2023-ж. «10» ноябрында саат 14:00 Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д. 07.23.674 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Онлайн шилтеме: https://vc.vak.kg/b/072-tsx-zg7-bvj

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында (720071, Бишкек ш., Чүй просп., 265 а.) жана Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун сайтынан таанышууга болот: http://history.naskr.kg/umaraliev-elderbek-stanbekovich-kyrgyzdardagy-umaj-enenin-kultu-taryxyj-salyshtyrmaluu-iliktoolor/

Автореферат 2023-ж. «2» октябрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы:
т.и.д., доцент **Бикбулатова А.Р.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Иштин актуалдуулугу.** Кыргыздардын этногенезиси, этникалык тарыхы, тили жана салтуу маданияты тарыхый тектери жакын болгон түрк-монгол, тунгус-маньжур, иран тилдүү элдер менен жалпы этномаданий жана этногенетикалык мейкиндикте жүргөн. Ошондон улам, кыргыздардын этногенезинде, этникалык тарыхында жана этностук маданиятынан, тарыхый лексикасынан Евразиянын аймактарында жашап өткөн маданий катмарлардын таасирин байкоого болот. Албетте, бул процесстер руханий маданиятына, анын ичине диний ишенимдердин, көз караштардын өнүгүп калыптануусуна (эволюциясына) өз таасирин тийгизген. Философиялык-диний ишенимдер жана ага байланыштуу келип чыккан салттуу көз караштар коомдун негизги идеологиясы болуу менен бирге, олуттуу тарыхый-этнографиялык булак катары кызмат өтөрү талашсыз. Элдик көөнөргүс мурастар, философиялык-диний ишенимдерге байланышкан каада-салттар, ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр коомдук жана социалдык мамилелерде, чарбалык укладка өз таасирин тийгизди, коомдогу алакалардын ажырагыс бир бөлүгү болуп келгендиги тарыхый чындык. Философиялык-диний түшүнүктөргө негизденген каада-салттар, ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр адам баласынын төрөлгөндөн тартып көзү өткөнгө чейинки жашоодогу циклды (жашоонун баскычтарын) коштоп жүргөн. Аталган баалуулуктар калктын коомдук түзүлүшкө, курчап турган чөйрөгө, күндөлүк турмушка болгон көз караштарын, ой-пикир жана мүдөөлөрүн түз чагылдырып келген.

Адам баласынын курчап турган дүйнөгө болгон көз карашы, дүйнө таанымы, каада-салты, алардын үрп-адаттары, ырым-жырымдары жана жөрөлгөлөрү күчтүү үмүткө негизделген ишенимдерден, тактап айтканда, эволюциялык негизде кылымдар бою калыптанган философиялык-диний ишенимдерден, түшүнүктөрдөн улам келип чыккандыгы талашсыз.

Дүйнө элдеринин маданиятында, тарыхый фольклорунда жөрөлгөлөрдүн, ырым-жырымдардын жыш кездешүүсүнүн себептерин дал ушул тарыхый-этнографиялык жагдайлар менен түшүндүрүүгө болот.

Тилекке каршы, тарыхый баалуу, ары сейрек кездешчү булактар, калктын эс-тутумунда сакталып келген тарыхый-этнографиялык баалуу маалыматтар унутулуп кетип жатканы ырас. Бул маалыматтарды иргеп жыйнап, илим айлампасына талдап киргизүү, диссертациялык деңгээлдеги олуттуу иликтөөлөр аркылуу кыргыздардын этногенезисинин, этникалык тарыхынын, этнографиясынын маанилүү, ары түйүндүү болгон маселелерин калыбына келтирүүгө болот. Кыргыздардын диний ишенимдери, ага байланыштуу келип чыккан жөрөлгөлөрдө, каада-салтында, ырым-жырымдарында кыргыздар эзелтеден тутунуп келген анимизм, фетишизм, шаманизм жана соңку монотеистик дин – ислам дининин таасирлери (тарыхый катмарлары) сакталып калган. Кыргыздардын этностук тарыхын, этногенезин, салттуу маданиятын, өзгөчө философиялык-диний ишенимдеринин келип чыгышын жана эволюциясын изилдөөдө башка түрк-монгол тилдеринде сүйлөгөн элдер менен этногенетикалык жана

этномаданий байланыштарын тарыхый-салыштырмалуу жана историзм принциптеринин негизде иликтөө иштери – ***кыргызтаануунун актуалдуу маселелеринин бири болуп калды.***

Бүгүнкү түрк-монгол тилдеринде сүйлөгөн элдердин ичинен эң байыркы этностордун бири болгон кыргыздардын тарыхый-этнографиялык мурасын изилдөө ириде, комплекстүү илимий мамилени талап кылары ырас. Ушул багыттагы олуттуу илимий маселелер тарыхчы-этнографтардын, археологдордун жана түркологдордун бир канчалаган муундарын түйшөлтүп келгендиги ырас. Кыргыздардагы аял кудайлар (Умай эне, Наалы эже, Булгачы/Булгаша) жана алардын кыргыздардын салттуу маданиятынын калыптануусуна тийгизген таасиринин хронологиялык алкагы, таралган ареалы бир кылка эместигин белгилөө зарыл. Ошондуктан, илимге белгилүү маалыматтарды, тарыхый жазма булактарды, өзгөчө ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн, тарыхчы-этнограф, археологдордун, түркологдордун эмгектерин, тарыхый-этнографиялык жана археологиялык изденүүлөрдүн жыйынтыктарын, элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн ар тараптуу жана комплекстүү нуктагы тарыхый-салыштырмалуу иликтөөлөр гана этнография илиминде негиздүү тыянактарды жарата алары шексиз.

Диссертациялык изилдөөдөгү каралуучу башкы маселе болгон кыргыздардагы Умай эненин культунун келип чыгышы, анын коомдук жана социалдык мамилелерге, диний-идеологиялык чөйрөгө, каада-салттардын калыптануусуна тийгизген таасирин иликтөөдө турат.

Илимде *палеолит (эрте таш доору)* доорунан, тактап айтканда, коомдун энелик (матриархат) доорунан бери карай өнүгүп келген бир катар маданияттарда (Афанасьев, Окунев ж.б.) кезиккен "аялдын" сакралдуу символикасынын универсалдуулугун түшүндүрүү боюнча бирдиктүү пикирлер калыптанган эместигин белгилөө керек. Ушул жана башка жалпы теориялык багыттагы жана атайын көйгөйлөрдү чечүү, аталган кубулушту изилдөөдө комплекстүү мамилени, ар тараптуу изилдөөлөрдү талап кылат.

Улуттук этнография илиминде кыргыз элинин руханий маданияты менен байланышкан архаикалык культтар, ишенимдер бир кыйла сандагы жарык көргөн илимий макалаларда жана монографияларда чагылдырылганы менен Умай эненин культу иш жүзүндө толук изилденбеген бойдон келгендигин белгилөө зарыл. Умай эненин культу тууралу маалыматтар фрагментардуу түрдө гана эскерилет; эреже катары авторлор тарабынан Умай энени изилдөө үчүн эмес, ага түз же кыйыр тиешеси бар башка культтардын (ыйыктар культунун, түшүмдүүлүк культунун, жаныбарлардын культунун, арбактардын культунун ж.б) кубулуштарын изилдөө үчүн кошумча маалымат булагы катары пайдаланып келишери ырас.

Умай эненин образын сактап калган жергиликтүү салттардын генетикалык тамырын издөөгө кайрылганыбызда аталган образдын Түштүк Сибирь жана Орто Азиянын аймактарында такталган эң алгачкы сакралдуу аял образы катары пайда болгон; көпчүлүк изилдөөчүлөр аны Умай кудайынын (эне) культу менен байланыштырышат. Илимий иштин



актуалдуулугу биринчиден, жергиликтүү маданияттардын контекстинде Умай эненин культу жетишерлик деңгээлде изилденбегендиги, экинчиден, Умай эненин культуна байланыштуу келип чыккан каада-салттардын, жөрөлгөлөрдүн, ырым-жырымдардын түпкү маанилери буга чейин жеткиликтүү чечмелеп ачылып берилбегендигине байланыштуу. Мындан сырткары, көтөрүлгөн маселеде диндин архаикалык формаларын аңдап түшүнүү гана эмес, тескерисинче бир катар теориялык маселелерди, алардын ичинде Умай эненин культу *универсалдуу илимий маселе* экендигин тактоодо турат.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** Диссертациялык иште кыргыздардагы Умай эненин культу боюнча түшүнүктөрдүн салттуу маданияттагы ээлеген орду ар тараптуу аныкталат. Изилдөөнүн негизги максаты Умай энеге байланыштуу ишенимдердин келип чыгышы, эволюциясын, калыптануу этаптарын изилдөө, трансформация жана деградация болуусуна таасир эткен факторлорду аныктоо болуп саналат. Аталган максат негизги **милдеттерди** аныктайт, алар төмөнкүлөр:

- Умай эненин культу менен байланышы бар артефактылар аркылуу байыркы адамдардын дүйнө таануусун аныктоо же Умай эне культунун адамдардын жашоосундагы маанисин жана өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- кыргыздардын салттуу маданиятындагы Умай эненин культунун сүрөттөлөшүн иликтөө, адамдардын кыялындагы Умай эненин үй бүлө үчүн аткарган кызматын жана негизги функцияларын аныктоо;
- көчмөн жана отурукташуу шартында жашаган калктардагы аялдын сакралдуу образы жөнүндөгү түшүнүктөрдүн трансформацияга учураган белгилерин аныктоо, этнографиялык маалыматтардагы, фольклордук ж.б. булактардагы Умай эненин культунун генезисин реконструкциялоо;
- кыргыздардын диний ишенимдериндеги архаикалык культтардын зороастризм жана монотеистик башка диндер менен негизги факторлорун, ислам дининин үстөмдүк кылган шарттарындагы Умай эне культунун адаптацияланУУ жана трансформация болуу шарттарын мүнөздөп аныктоо;
- кыргыз демонологиясындагы жана агиологиясындагы аял образдарын сыпаттоо, аял-бакшылардын (бүбүлөр) функцияларын ачып берүү;
- адамга күч-кубат берүүчү сакралдуу булактар жөнүндөгү түшүнүктөр менен байланыштуу тарыхый-этнографиялык маалыматтардын дүйнө тааным системаларын реконструкциялоо.

**Илимий изилдөөнүн жаңычылдыгы:**

- Диссертациялык иш кыргыздардын салттуу маданиятынын контекстиндеги Умай эненин культун терең иликтөөгө багытталган эң алгачкы комплекстүү изилдөө болуп калат; адамдардын кыялындагы сакралдуу Умай эненин келип чыгышы, эволюциясы тарыхый ретроспективада изилденет.
- Эмгекте абалкы ирет Умай эненин образы, анын мартабасынын жана функцияларынын өзгөрүү жана өнүгүү жагдайлары ачылып көрсөтүлгөн; Умай энеге байланыштуу культтун өнүгүү этаптары, тактап айтканда, өчүп

жок болуусу, кайра жаралуусу, соңку пайда болгон диндердин тийгизген таасири, жаңы диндерге таандык болгон элементтердин келип кирүүсү ж.б. факторлор ачылып көрсөтүлгөн.

- Мындан сырткары, диссертациялык иш изилдөөнүү темага тийешелүү бир топ макалалардагы жана монографиялардагы фрагментардуу мүнөзгө ээ болгон, чачыранды абалдагы маалыматтарды жалпылоонун алгачкы аракети болуп саналат. Диссертациялык иштин негизги маалыматтары автор тарабынан жыйналган талаа материалдарына негизделгендиктен, аталган проблеманын алкагындагы илимий жаңылыктардан болуп калары ырас.
- Умай энеге байланыштуу жарык көргөн кыргыз, орус ж.б. тилдеринде, латын графикасында жазылган эмгектер сыпатталды. Кытай жана араб графикасында жазылган тарыхый жазма булактардын маалыматтары колдонулду. Тарыхый-этнографиялык ж.б. талаа материалдарынан сырткары археологиялык материалдар, фольклордун маалыматтары, искусство таануу, лингвистикалык булактар да кеңири пайдаланылды.

**Иштин тажрыйбалык мааниси:** Диссертациялык иштеги маалыматтар тарыхчы-этнографтарды, маданият таануучуларды, фольклорчуларды, искусство жана дин таануучуларды, илимдин башка тармактарынын өкүлдөрүн кайдыгер калтырбасы шексиз. Илимий иштин маалыматтарын тандалма курстарды даярдоодо, Кыргыз этнографиясы боюнча жалпыланган окуу ж.б. китептерин жазууда, окуу программаларын даярдоодо пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- Умай эненин культу кыргыздардын байыркы диний ишенимдеринен, курчап турган этникалык-маданий чөйрөлөр менен болгон тарыхый мамилелеринен кабар берет;
- Умай эненин культу кыргыздардын байыркы диний пантеонун чагылдырат; кыргыздардын философиялык-диний түшүнүктөрүнүн жана маданиятынын тереңдигин ачып көрсөтөт: Көк Теңир, Умай эне, Жер-Суу (Йер-суб), Эрлик;
- кыргыздардын диний ишенимдеринин пантеону менен Түштүк Сибирдин жана Борбордук Азиянын түрк-монгол элдери менен болгон этногенетикалык, этномаданий алакаларынын тарыхый-этнографиялык параллелдери аныкталат;
- кыргыздардын диний ишенимдериндеги Умай эне ж.б. архаикалык культтардын, зороастризм жана монотеистик дин – ислам менен трансформация болуусу аныкталат;
- сакралдуу Умай эне культунун кыргыз үй бүлөсүндөгү ээлеген орду каада-салтта, ырым-жырымдарда жана жөрөлгөлөрдө туруктуу сакталып келери такталат;
- Умай эненин культу бүбүлөргө (бакшы аялдар) тийгизген таасири, трансформациясы аныкталат;



- Умай эне культунун кыргыздын фольклордук чыгармаларында сүрөттөлүшү, тарыхый-этнографиялык маанилүү булак экендиги далилденген;
- кыргыздардын көркөм өнөр жана декоративдик искусствосундагы Умай эненин образынын чагылдырылышы далилдүү базалык булактардын негизинде такталат;
- Умай эненин сюжеттик композициясы диссертациялык иште маанилүү тарыхый-этнографиялык булак катары кызмат өтөгөн;
- Умай эненин культу аркылуу кыргыз аялдарынын кийимдериндеги мейкиндик мүнөздөмөсү жана дүйнө модели аркылуу аныкталат;
- Умай эне культунун таралган ареалы, тектеш элдер менен этникалык-маданий алакалардын өтө тыгыз жүргөндүгүн чагылдырат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Диссертант азыркы кыргыз тарых илиминде алгачкы жолу Кыргыздардагы Умай эненин культун тарыхый-этнографиялык жактан изилдеди. Диссертацияда изилденүүчү маселенин булактануу, тарыхнаамалык жана методологиялык өңүттөрү да изилденди.

Изденүүчү кыргыз элиндеги Умай эне тууралуу ар кыл тарыхый булактардан, диний ишенимдердеги маанилүү маалыматтарга ээ алынган материалдарды ыраатту чогулткан.

**Диссертациялык иштин апробациясы:** Диссертациялык иштин негизги мазмуну, жоболору менен тыянактары ата мекендик жана чет өлкөлүк илимий басылмаларда жарыяланган макалалар сериясында, Бишкек жана Ош шаарларында, жакынкы чет өлкөлөрдөгү шаарларда өткөн эл аралык илимий-тажрыйбалык конференцияларда жана симпозиумдарда жасалган баяндамалар менен маалымдоолордун тезистеринде чагылдырылган. Автордун диссертациялык ишинин негизи мазмуну 19 илимий макалаларда чагылдырылды.

**Диссертациялык иштин структурасы:** Диссертациялык иш киришүүдөн, беш бөлүмдөн, корутундудан, тиркемелерден, пайдаланылган адабияттардын жана булактардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын изилдениши, диссертациянын максаты, милдеттери, анын жаңычылдыгы, апробацияланышы, структуралык бөлүнүшү сыяктуу маселелер ачылып берилди.

**Биринчи бөлүм** "Изилденүүчү маселенин тарыхнаамасы, булактары" деп аталат. Биринчи параграф "Байыркы хуннулардын (сюнну), кыргыздардын, көк түрктөрдүн диний ишенимдери. Умай эне культунун жазма булактарда эскерилиши". Эзелки хуннулардын, көк түрктөр жана кыргыздардын диний ишенимдери, каада-салттары, жөрөлгөлөрү

адамдардын коомго, мамлекеттик башкарууга, табигый ж.б. кубулуштарга болгон мамилесин толук чагылдырган.

"XIX к. орто чендеринде жана XX к. биринчи чейрегинде орус жана чет элдик илимпоздор Умай эненин культу жөнүндө" аттуу **экинчи параграфта** байыркы жазма булактар, рун жазма эстеликтеринин маалыматтары Умай эненин культу түрк-монгол элдеринде өзгөчө орунда тургандыгын чагылдырат.

"Умай эненин культу Совет доорундагы илимпоздордун изилдөөлөрүндө (XX к. 20-жж. биринчи чейреги – XX к. 90-ж.)" аттуу **үчүнчү параграфта** Умай эненин культу байыркы түрктөрдүн, анын ичинде кыргыздардын орто кылымдардагы диний түшүнүктөрүн, курчап турган дүйнөгө карата көз караштарынын калыптанышын, анын жалпы маданиятка тийгизген таасири ж.б. маселелери тууралу мурдагы советтик жана ата мекендик илимпоздордун жасаган эмгектерин белгилөө зарыл. Бул маселеде В.В.Бартольд сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринде Умай эненин сакралдуу образына көңүл бөлүнгөндүгүн белгилөө зарыл.

Изилдөөчүлөр кыргыздардагы Умай эненин эне-баланы *колдоо* жана *коргоочу* функцияларын изилдөө аракеттерин жасашкан. Ислам ыйыктарынын ж.б. культтарга арналган илимий эмгектеринде В.В.Бартольд, Л.П.Потапов, И.Л.Кызласов, Л.Р.Кызласов, С.Г.Кляшторный ж.б. изилдөөчүлөр *ыйык аял* менен Умай эненин байыркы образынын байланышы жөнүндөгү илимий гипотезаларды, көз караштарын сунуш этишкендери белгилүү.

"Умай эне культунун соңку мезгилдеги изилденүү абалы" аттуу **төртүнчү параграфта** Борбордук Азия аймагында кенен тараган таш эстеликтеринде Умай энеге мүнөздүү – *үч мүйүздүү баш кийимдеги аялдардын* элестери берилген. Аларды этнографиялык жалпы маанилүү мазмун байланыштырып турат. Таш эстеликтердин белгилүүлөрүнө жанрдык көрүнүштөр, оюп түшүрүлгөн илимге белгилүү Кудыргэ ташы кирет. Ага жакын композициялар Россиянын Алтайында Бичикту-Боом



петроглифтеринде, Кыргызстанда Сүттүү-Булак эстелигинен табылган сөөк тарактагы элеси, байыркы кыргыз скульптуралык элестеринде жана Казакстанда Когалы өзөнүндө, монгол Алтайындагы Хар-Ямаатын-гол дарыясынын өрөөнүндөгү скульптураларда белгилүү. Изилдөөлөрдөгү скульптуралык эстеликтерде түшүрүлгөн элестердин семантикасын аңдап түшүнүү, жогоруда таштагы сүрөт композициялары менен байланышын аныктоо аракети көрүлдү.

Диссертациялык иштеги **экинчи бөлүм** "Умай эненин культун изилдөөнүн теориялык жана усулдук негиздери" деп аталат. "Изилдөөнүн теориялык негиздери" аттуу биринчи параграфында мурдагы советтик жана чет элдик илимпоздордун изилдөөлөрүндө көтөрүлгөн маселенин усулдук жана теориялык негиздери кылдат такталып, жүйөлүү илимий пикирлер, көз караштар сунуш этилди. Натыйжада, көрсөтүлгөн татаал илимий маселеде жаңы пикирлер, тыянктар калыптанды.

**Экинчи бөлүмдүн экинчи параграфы** "Изилдөөнүн усулдук негиздери" деп аталат. Изилдөөнүн усулдук негиздери боюнча Кыргыздарда, Энесай кыргыздарынын урпактары болгон хакас, тува, шор, алтайлыктарда, Саян-Алтайдагы башка түрк-монгол тилдүү элдерде Умай эне жөнүндөгү мифтик түшүнүктүн сакталышы аталган культтун көөнө мезгилдерден жашап келе жатканын айгинелейт.

**Үчүнчү бөлүм** "Кыргыздардын диний ишенимдеринин пантеону" деп аталат. "Кыргыздардагы Көк Теңир, Умай эне жана Жер-Суу (İer-Sub) түшүнүктөрү" аттуу биринчи параграфта диний ишенимдерге негизделген ырым-жырымдардын, жөрөлгөлөрдүн аткарылышы Көк Теңир, Умай эненин, тоонун культуна жана Жер-Суунун, жаныбарлардын культтары менен байланышкан. Кыргыздардагы политеисттик пантеондун өзгөчөлүгү кудайлардын Ааламдын үч бөлүгүндө жашоосун чагылдырган.

Бул пантеонго ыйык жана алар менен тилектеш кудайлар же рухтар кирген. Көк Теңир, Умай эне жана Жер-Суу (İer-Sub) кыргыздардын салттык дүйнө таанымында маанилүү ролду ойногон.

"Түрк-монгол элдериндеги Умай энеге карата ишенимдер" аттуу **экинчи параграфта** түрк-монгол элдериндеги кеңири тараган диний түшүнүктөр менен культтарды изилдөө илимий мааниге ээ экендиги иликтенет. Наристелердин жана үй-бүлө очогунун колдоочусу катары Умай энени ыйык тутуу Саян-Алтайдагы шаманчылыкты тутунган элдердин жана Орто Азиядагы ислам динин кабыл алган элдердин аң-сезимдерине да терең сиңген.

Ыйык эненин элеси болгон Умай эненин культу Түштүк Сибирь, Саян-Алтай түрк-монгол тилдүү элдеринин ишенимдеринде жашап калбастан кыргыздарда, казактарда, өзбектерде, түркмөндөрдө жана тажиктерде да жашаарын ырастоочу негиз бар. Бул тыянак байыркы жана жаңы түрк, монгол тилдеринде айрым сөздөрдүн семантикасы менен далилденет.

"Ислам жана Умай эне ишенимдеринин трансформациясы" тууралуу илимий маселе **үчүнчү параграфта** изилденет. Умай энеге болгон ишенимдерге Ислам дининин таасири жана кыргыздардагы диний-салттык түшүнүктөрдүн трансформациясы изилденет. Кыргыздардын диний жашоосунда маанилүү ролду ойногон Умай эненин культу, ислам дининде байыркы политеисттик салттардын таасири астында калыптанган.

Умай эненин сактоочулук кызматы кыргыздардын ыйык энеге болгон ишенимдеринде, баланын жарык дүйнөгө келиши, төрөлөөрдөн кийинки наристеге болгон мамиле менен мүнөздөлөт.

Кыргыздардын Умай энеге болгон ишенимдерин изилдөөдө, кыргыз элиндеги зыярат кылынуучу жана ыйык жайлардын пайда болуусунун тарыхын, ал жерлердеги жер-суу аталыштарынын өзгөчөлүктөрүнө (топонимикасына) көңүл буруп изилдөө менен, ал жерлердин касиеттүүлүгү жөнүндөгү эл оозунда сакталып калган этнографиялык маалымат булактарынын берилиши, байыркы энелик доорунан тартып калыптанган Умай энеге болгон ишенимдердин, ыйык жана зыярат кылынуучу жайлардын ислам динине трансформацияланышы, ислам дининин үстөмдүк кылган динге айланып, ага болгон ишенич күчөгөн мезгилге дал келет.



**Төртүнчү бөлүм** "Этнографиялык жана фольклордук маалыматтардагы Умай эненин культу" деп аталат. Биринчи параграф "Умай эне жана үй-бүлө". Баланын төрөлүшүнө байланышкан жөрөлгөлөр, үйлөнүү үлпөт тоюндагы аткарылуучу жана никелешүүдөгү ырым-жырымдар иликтөөгө алынды.

Умай эненин белгиси бешик – дүйнө элдерине кеңири тараган, өзгөчө Борбордук жана Орто Азия, Казакстан, Кавказ, Иран, Афганистан жана Индия элдеринде илгертеден бар. Көпчүлүк түрк-монгол тилдүү элдерде бешик сөзүнүн болушу да бешиктин байыркылыгын далилдеп, баланын бешиги Умай эненин жана Теңирдин ыйгарым камкордугу алдында турат деп ишенишкен. Жаңы төрөлгөн ымыркайды коргоочу тумар катары пайдаланылуучу кичинекей жаа менен жебе Умай деп аталган.

Дубалга асылган кичинекей бешик жебелер менен сайылган. Бул буюм күндү түшүндүргөн, ал эми жебелер болсо анын нурларынын сүрөттөлүшү болуп саналат. Бешик дагы шамандын урма аспабы сыяктуу эле аялдын жатыны сыяктуу куралган.

"Умай эне жана салттуу маданият" аттуу **экинчи параграфта** салыштырмалуу-тарыхый, маданий-семантикалык жана функционалдык анализ алтай тил үй-бүлөсүнүн элдеринин салттуу маданиятынын тарыхый жолун улоочулук менен бирге анын аймактагы байыркы жашоочулардын түшүнүктөрү менен болгон байланышын көрсөттү. Индоиран лексикасына кайрылуу Умайдын кудайлар пантеонундагы орду менен ролун реконструкциялоого жана анын статусу менен функцияларын теңме-тең бирдей интерпретациясын сунуштоого мүмкүнчүлүк жаратты.

"Бүбүлөр – аял бакшылар менен Умай эненин байланышы, окшоштуктары. Түштүктөгү аял информаторлордун билдирүүсүндө" аттуу **үчүнчү параграфта** үй-бүлөлүк-турмуштук, диний-культтук, алардын ичинде жылнаамалык аракеттер. Мистикалык түшүнүктөр, бутпарастык жана мусулманчылык догматтар, моралдык-этикалык баалуулуктар, дарыгерликтин принциптери ырым-жырымдарда ачык эмоционалдык-көркөм

формага ээ болгон. Алардын кээ бири расмий окууга параллелдүү "элдик исламга" ыктайт.

Бешик атрибуту биринчиден төрөй турган аялдык башаттын символу болсо, экинчиден күн Умайдын жогоруда айтылган мазмунуна карама-каршы келбейт. Ошондой эле жебе күндүн символу катары шаман (бакшы) менен байланышат деп айтууга мүмкүнчүлүк берет.

Бул жерде Умай – куш – күн сыяктуу алгачкы элестерин бөлүп көрсөтүүгө да болот. Ошол куш – күн шаманды тууйт. Бул семантикалык чынжырчада албетте Күндүн культу чагылдырылат.

**Бешинчи бөлүм** "Кыргыздардагы Умай эненин культу этномаданий контекстте" деп аталат. "Кыргыздардын көркөм өнөр жана декоративдик искусствосундагы Умай эненин элеси" аттуу **биринчи параграфта** Умай эненин согуштун жана түшүмдүүлүктүн Кудайы образындагы иконографиясы Кичи Кемин дайрасынын өрөөнүндө, Далпаран капчыгайында (Кыргызстан), Майтобе айылынын жанында (Казакстан), Сузак кыштагында (Казакстан) табылган. Бул мезгилде Умай эненин иконографиясында ал согуштун да, түшүмдүүлүктүн Кудайы деп эсептелген.

"Умай эненин сюжеттик композициясы" аттуу **экинчи параграфта** диний пантеондогу Умай эненин кыргыз көркөм сүрөт искусствосундагы образын байыркы мезгилден азыркы күнгө чейин этнографиялык, археологиялык, фольклордук жана мифологиялык материалдарды пайдалануу менен реконструкциялоого (калыбына келтирүүгө) аракет жасалды.

Умай эненин образы кыргыз көркөм сүрөт искусствосунда архаикалык мүнөзгө ээ, башаты коло дооруна туура келип, монументалдык жана майда пластикада, металлды көркөм иштетүүдө, сайма саюуда, ташка жана сөөккө оймо жасоодо көп кылымдар бою өнүккөн.

**Корутундуда** диссертациядагы иликтенген маселелерге тыянактар сунушталды:



1. Кыргыздардагы Умай эненин культун тарыхый-салыштырмалуу иликтөөлөрдө, Умай эненин образы жана ага байланышкан символдор сакралдык аймактарда дайыма борбордук орунду ээлеген;
2. Бул образдын сакралдашуусу: урукту улоо жана түшүмдүүлүк, тамак табуу жана жыл мезгилдеринин алмашуусу, өлүм жана кайра жаралуу идеясы сыяктуу үч башкы аспекттер менен байланышкан;
3. Умай энеге байланышкан жөрөлгөлөрдүн элементтерин этнографиялык маалыматтар менен параллелдердин негизинде анализдөөдө, анын түпкүрүндө жашоонун циклдүүлүгү жана өлгөн адамдын кайра тирилүүсүнө байланышкан ишенимдер жөнүндөгү түшүнүктөр жатат деген гипотезаны далилдейт;
4. Куш менен Умай эненин байланышын көрсөтүп турган кызыктуу факттар азыркы элдердин салттарында да көп кездешет. Кээ бир ооз эки чыгармаларда, уламыштарда ыйык куш Умай эненин жөнөткөн элчиси, башкаларда Умай эненин өзүн элестетип айтылат. Умай менен куштун ортосундагы байланыш жөнүндөгү түшүнүктөрдү айрым түркологдор бул терминдин келип чыгышын байыркы индоевропа (индоиран) тилдериндеги "Хумай" сөзү менен да байланыштырышат;
5. Тоо боорундагы, терең капчыгайлардагы сыйынуучу үңкүрлөр түрк тилдүү элдердин, кыргыздардын аң-сезиминде Умай эненин так өзү катары кабыл алынган. Үңкүрдүн ичи ыйык Эненин – Умай эненин курсагы катары кабыл алынгандыгы, мында аткарылган ырым-жырымдар жаралуу актына аралашуу аракети менен байланышкан;
6. Дүйнөнүн түрдүү бөлүктөрүндө байыркы адамдын жаратылыш жөнүндөгү түшүнүктөрүн чагылдырган байыркы мифологияларда, суу стихиясы көбүнчө аялдык башаттын так өзү деп саналат. Тактап айтканда, жамгыр менен эне сүтүнүн мотивдери тыгыз байланышкан;
7. Сакралдуу Умай эненин образынын белги-символдору жана айрым морфологиялык өзгөчөлүктөрү аркылуу Күндүн аял кудайын,

Жаратылыштын кожейкесин, Куш элесиндеги аял кудайын ажыратып таанууга болот;

8. Байыркы кыргыздардын диний ырым-жырымдар жаатындагы жашоосунун негизин жашоонун эки булагы: эркек жана аял башаттар, аял кудайы – Умай эне жана эркек кудайы – Теңирдин, өлүп жана кайра жаралуучу жаратылышты чагылдырган ишенимдер менен ритуалдар комплекси түзгөн. Бул ыйык нике жана үй-бүлө институттарынын өнүккөндүгү жөнүндө айтууга мүмкүнчүлүк берет;

9. Кыргыздар ислам динин кабыл ала баштагандан тартып жергиликтүү культтар жаңы шарттарга көнүп, мусулмандашкан формаларга ээ боло баштаган, бирок маңызы боюнча мурдагы бойдон калган. Көпчүлүк ислам жол бербеген салт-санаалар дагы эле болсо жоюлган эмес;

10. Умай эне культунун кыргыздардын салттуу маданиятындагы издери архаикалык экени эң биринчиден, анын негизги функциясы балдарга жана аялдарга колдоо көрсөтүүсүндө;

11. Этнографиялык маалыматтарды анализдөөдө байыркы адамдардын түшүнүгүндө Умай эненин эки карама-каршы, бирок өз ара байланыштуу өлүм менен жашоодон турган эки аспектти камтыган. Бул концепция жашоо айлампалуу, анын аягы жок деген ишенимге, ал эми өлүм болсо кайрадан жаралууга карата жол деген түшүнүккө же идеяга негизделген;

12. Илим адамдарынын пикирлеринде Умай эненин түпкү образы байыркы доордогу адамдар ишенген күн кудайына барып такалат. Бул образ бүгүнкү саха-якуттардын диний ишенимдеринде сакталып калганын белгилөөгө болот. Бул образдын элементтери Орто Азия, Саян-Алтай элдеринин (кыргыз, казак, өзбек, алтай, тува ж.б.) диний ишенимдеринде сакталып келет.

Жогоруда көрсөтүлгөн тыянактарга таянуу менен төмөндөгүдөй **практикалык сунуштар** берилет:

- балага тарбия берүүдө үй-бүлө тарбиясынын салттуу системасынын социалдык-тарыхый мүнөзүн ачуу;



- кыргыздардагы салттуу үй-бүлөлүк тарбия системасынын генезисин, азыркы абалын ачып берүү;
- жаштарды тарбиялоодо жана аларды инкультурациялоодо башкача айтканда, жеке адам катталган маданияттын ченемдерин, ынанымдарын, каада-салттарын жана үрп-адаттарын билүү, үйрөнүү жана иш жүзүнө ашыруу процессинде үй-бүлөнүн ролун аныктоо;
- этностук маданияттагы үй-бүлөлүк тарбиянын негизги идеяларын жана принциптерин салыштыруу;
- салттуу типтеги маданияттарга мүнөздүү үй-бүлөлүк тарбиянын эң олуттуу типологиялык мүнөздөмөлөрүн аныктоо;
- кыргыздардын көркөм өнөр жана декоративдик искусствосундагы Умай эненин сюжеттик композициясын кол өнөрчүлүктөгү түрлөрүндө Умай эненин образын изилдөөнү улантуу.

**Изденүүчүнүн диссертациялык тема боюнча жарыялаган макалалардын тизмеси**


1. Умаралиев, Э.С. Байыркы түрк элдеринин Умай энеге болгон ишенимдери [Текст] / Э.С.Умаралиев. Кыргыз каганаты түрк элдеринин орто кылымдардагы мамлекеттүүлүгүнүн жана маданиятынын алкагында: Борбордук Азиядагы Улуу Кыргыз каганатынын түзүлгөндүгүнүн 1170 жылдыгына арналган II эл аралык илимий жыйыны. – Бишкек, 2013. – ISBN:978-9967-12-360-1. – 191-192-бб.

2. Умаралиев, Э.С. Байыркы түрк элдеринин коому жана мамлекетиндеги Умай энеге болгон ишенимдери [Текст] / Э.С.Умаралиев. 2014-ж. Кыргыз Республикасында Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылынын жарыяланышына карата уюштурулган, Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде I эл аралык Түрк элдеринин мамлекет башкаруу салты конгресси. – Бишкек, 2014. – ISBN: 978-9967-28-077-9. – 32-33-бб.

3. Умаралиев, Э.С. Байыркы кыргыздардын диний ишенимдеринин пантеону: Көк Теңир, Умай эне, Жер-Суу [Текст] / Э.С.Умаралиев. Кыргыз жана Карахандар каганаттары: Көөнөрбөс издер аттуу Ысык-Көлдөгү III эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйыны. – Бишкек, 2014. – ISBN: 978-9967-12-423-3. – 275-277-бб.

4. Умаралиев, Э.С. Культ матери Умай: кыргызско-якутские параллели религиозных верований и обрядов [Текст] / Э.С.Умаралиев. Вестник КазНПУ имени Абая. – Алматы, 2014. – № 4 (43). – ISSN: 1728-5461. – С. 132-135.

5. Умаралиев, Э.С. Байыркы кыргыздардагы улуттук оюндардын жаралуусу жана анын Умай эненин культу менен байланышы [Текст] /

Э.С.Умаралиев. Әл-Фараби атындағы Казақ ұлттық университеті, Қазақстан археологиясы мен этнологиясы: өткені, бүгіні және болашағы атты «VII Оразбаев оқулары» халықаралық ғылыми-тәжірибелік конференция. – Алматы, 2015. – ISBN: 978-601-04-1184-5. – С. 420-423.

6. Умаралиев, Э.С. Кыргыздардын ичкилик урууларынын өкүлдөрүнүн Умай энеге болгон ишенимдери [Текст] / Э.С.Умаралиев. Кыргызстан жана Борбордук Азия – баарлашуунун мейкиндиги: Этностор аралык мамилелерди бекемдөөнүн өтмүшү, учуру жана келечеги аттуу Кыргызстандын этнологдору менен антропологдорунун II Конгрессинин баяндамалары жана илимий макалалар жыйнагы. – Бишкек, 2015. – 163-167-бб.

7. Умаралиев, Э.С. Байыркы түрктөр: мамлекет жана диний ишенимдер (Умай эненин культу) [Текст] / Э.С.Умаралиев. Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде Түрк элдериндеги мамлекет башкаруу салты аттуу эл аралык илимий-тажрыйбалык конгресси. – Бишкек, 2016. – ISBN: 978-9967-28-077-9. – 349-351-бб.

8. Умаралиев, Э.С. Cult Umai-ene among the Kyrgyz [Текст] / Э.С.Умаралиев. Әл-Фараби атындағы Казақ ұлттық университеті, Хабаршы, тарих сериясы. – Алматы, 2018. – № 3 (90). – ISSN: 1563-0269. – С. 4-8.

9. Умаралиев, Э.С. Байыркы түрктөрдөгү Умай эненин культу жана Манас эпосу [Текст] / Э.С.Умаралиев. Кыргыз каганаты тарыхы жана кыргыз таануу маселелери аттуу эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйыны. – Бишкек, 2018. – ISBN: 978-9967-12-767-8. – 172-178-бб.

10. Умаралиев, Э.С. The Cult of Mother Umai [Текст] / E.S.Umaraliev. Кыргыз каганаты тарыхы жана кыргыз таануу маселелери аттуу эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйыны. – Бишкек, 2018. – ISBN: 978-9967-12-767-8. – 227-232-бб.

11. Умаралиев, Э.С. Mother's cult Umai in the kyrgyzs [Текст] / E.S.Umaraliev. Spirit time. – Berlin, 2019. – № 4-1 (16). – ISSN: 2522-9923. – P. 11-13.

12. Умаралиев, Э.С. Once again about the cult of the mother Umai (Kyrgyz-Yakut parallels) [Текст] / E.S.Umaraliev. Spirit time. – Berlin, 2019. – № 4-1 (16). – ISSN: 2522-9923. – P. 14-17.

13. Умаралиев, Э.С. Культ животных в национальных играх кочевников и их связь с культом матери Умай [Текст] / Э.С.Умаралиев. Научно-практический журнал Кыргызской государственной академии физической культуры и спорта, Вестник физической культуры и спорта. – Бишкек, 2019. – № 2 (25). – ISSN: 1694-6707. – С. 82-87.

14. Умаралиев, Э.С. О культе Умай эне у древних тюрков и кыргызов [Текст] / Э.С.Умаралиев. Научно-практический журнал Кыргызской государственной академии физической культуры и спорта, Вестник физической культуры и спорта. – Бишкек, 2019. – № 2 (25). – ISSN: 1694-6707. – С. 88-92.

15. Умаралиев, Э.С. Культ животных в национальных играх кочевников и их связь с культом матери Умай [Текст] / Э.С.Умаралиев.



Вестник, Российский государственный социальный университет. – Ош, 2019. – № 2 (20). – ISSN: 1694-5727. – С. 82-87.

16. Умаралиев, Э.С. О культе Умай эне у древних тюрков и кыргызов [Текст] / Э.С.Умаралиев. Вестник, Российский государственный социальный университет. – Ош, 2019. – № 2 (20). – ISSN: 1694-5727. – С. 87-92.

17. Умаралиев, Э.С. Древнетюркский культ Умай эне и эпос Манас [Текст] / Э.С.Умаралиев. Colloquium-journal. – Warszawa (Polska), 2020. – № 5-4 (57). – ISSN: 2520-6990 (ISSN: 2520-2480). – P. 54-58.

18. Умаралиев, Э.С. Верования древнетюркских народов в Умай эне [Текст] / Э.С.Умаралиев. Colloquium-journal. – Warszawa (Polska), 2020. – № 5-4 (57). – ISSN: 2520-6990 (ISSN: 2520-2480). – P. 58-63.

19. Умаралиев, Э.С. Cult Umay Ene-Umay Khatun [Текст] / E.S.Umaraliev. КазНУ имени Аль-Фараби. Материалы международной научно-методической конференции. – Алматы, 2020. – ISBN: 978-601-04-5128-5. – С. 164-167.

**Умаралиев Элдербек Станбековичтин "Кыргыздардагы Умай эненин культу: тарыхый-салыштырмалуу иликтөөлөр" аттуу темадагы 07.00.07 – Этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Ачкыч сөздөр:** кыргыздар, түрктөр, Теңир, Умай эне, Жер-Суу (Йер-Суб), пантеон, культ, ислам, бүбүлөр, диний ишенимдер, каада-салттар, жөрөлгөлөр, ырым-жырымдар.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыздардагы Умай эненин культу жана ага байланыштуу тарыхый-салыштырмалуу иликтөөлөр.

**Илимий изилдөөнүн максаты жана милдеттери:** Диссертация Умай эне жөнүндөгү түшүнүктөрдү жана кыргыздардын салттуу маданиятынын контекстиндеги ага негизделген культту комплекстүү изилдөө болуп саналат, анын негизги максаты тарыхый ретроспективада изилденүүчү, Умай энеге байланышкан кубулуштардын эволюциялык жолун изилдөө, калыптануу шарттарын, өнүгүүсүнүн негизги этаптарын, трансформацияланышына жана деградацияланышына көмөк көрсөткөн факторлорду аныктоо.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи:** Диссертациянын концептуалдык-методологиялык негизин изилдөөнүн түрдүү мамилелери менен методдорун айкалыштыруу түздү. Ошондой эле, изилдөөнүн методологиялык негизин калыптанган салыштырма, тарыхый-этнографиялык методдору дагы түздү. Умай энеге сыйынуу салтынын жолдорун жана өнүгүү этаптарын аныктоо, аталган феноменди диахронияда кароону, башкача айтканда, изилденүүчү аймактын чегиндеги түрдүү стадиялык маданияттарда аталган кубулуштун чагылдырылышын изилдөөнү талап кылат.

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы:** Аталган илимий иш кыргыздардын салттуу маданиятынын контекстинде Умай эненин культун изилдөөгө багытталган, анын жашоосун жана эволюциясын тарыхый ретроспективада камтыган илимий иш жүзүндөгү атайын комплекстүү изилдөө.

**Илимий-тажрыйбалык мааниси:** Илимий иште камтылган маалыматтар, ошондой эле мындагы жоболор жана жаңы тыянактар түрдүү жааттагы адистердин этнографтардын, культурологдордун, фольклористтердин, дин таануучулардын, тарыхчылардын, искусство таануучулардын, гендер жана дин көйгөйлөрүн изилдөөчүлөрдүн кызыгуусун жаратат жана бул тема боюнча мындан кийинки илимий изилдөөлөрдө да, жогорку окуу жайлардагы жалпы жана атайын курстарды даярдоодо колдонулушу мүмкүн.




## РЕЗЮМЕ

**диссертации Умаралиева Элдербека Станбековича на тему: «Культ матери Умай эне у кыргызов: историко-сравнительные исследования» на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.07 – этнография, этнология и антропология.**


**Ключевые слова:** кыргызы, тюрки, Тенгри, мать Умай, Земля-Вода (Йер-Суб), пантеон, культ, ислам, шаманки, религиозные верования, традиции, обычаи, обряды.

**Объект исследования:** Культ матери Умай у кыргызов и связанные с ней историко-сравнительные исследования.

**Цель и задачи исследования:** Диссертация представляет собой комплексное исследование представлений о женском божестве матери Умай и основанного на них культа в контексте традиционной культуры кыргызов, и предполагает в качестве своей главной цели проследить в исторической ретроспективе пути эволюции исследуемого явления, связанные с матерью Умай, определив условия его становления, основные этапы развития, факторы, способствовавшие его трансформации и деградации.

**Методологическая основа исследования:** Концептуально-методологическая основа диссертации представляет собой сочетание различных подходов и методов исследования. Методологическую основу исследования составили также сформированные сравнительные, историко-этнографические методики. Выявление путей и этапов развития традиции почитания Умай эне предполагает, прежде всего, рассмотрение данного феномена в диахронии, говоря иначе, с точки зрения его проявлений в стадиально различных культурах, существовавших в пределах исследуемого региона.

**Новизна исследования:** Данная работа как специальное комплексное исследование посвящено изучению культа матери Умай в исторической ретроспективе, охватывающей практически весь период его существования и эволюции в исторической ретроспективе традиционной культуры кыргызов.

**Научно-практическая значимость:** Содержащиеся в работе материалы, а также озвученные в ней положения и выводы могут представлять интерес для специалистов различных областей (этнографов, культурологов, фольклористов, религиоведов, историков, искусствоведов, исследователей, интересующихся проблемами гендера и религии) и использоваться как в дальнейших научных исследованиях по данной теме, так и при подготовке общих и специальных вузовских курсов.

**SUMMARY**

**dissertations of Umaraliev Elderbek Stanbekovich on the Topic: "the cult of mother Umai among the Kyrgyz: historical and comparative studies" for the degree of candidate of historical Sciences in the specialty 07.00.07-Ethnography, Ethnology and anthropology**

**Keywords:** Kyrgyz, Turks, Tengri, mother Umai, Earth-Water (Yer-Sub), Pantheon, cult, Islam, shamans, religious beliefs, traditions, customs, rites.

**Object of research:** Female deity cult of mother Umai among the Kyrgyz and related historical and comparative studies.

**Purpose and objectives of the study:** The dissertation is a comprehensive study of ideas about the female deity of mother Umai and the cult based on them in the context of traditional Kyrgyz culture, and assumes as its main goal to trace in historical retrospect the ways of evolution of the studied phenomenon associated with mother Umai, defining the conditions of its formation, the main stages of development, factors that contributed to its transformation and degradation.

**Research methodology:** The conceptual and methodological basis of the dissertation is a combination of different approaches and research methods. The methodological basis of the study was also formed by comparative, historical and ethnographic methods. Identifying the ways and stages of development of the tradition of female deity worship involves, first of all, considering this phenomenon in diachrony, that is, from the point of view of its manifestations in stadially different cultures that existed within the studied region.

**Novelty of the study:** This work is a special comprehensive study devoted to the study of the cult of mother Umai-a female deity in historical retrospect, covering almost the entire period of its existence and evolution in the context of traditional Kyrgyz culture.

**Scientific and practical significance:** Contained in materials, and voiced her conclusions and findings may be of interest for specialists of different fields (anthropologists, culturologists, theologians, historians, art historians, researchers interested in gender and religion) and be used in further research on this topic, and in the training of General and special University courses.